***DOI:10.26104/NNTIK.2023.33.15.067***

***Тыныстанова Н.А.***

# КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕЛГЕН ОКУТУУ

***Тыныстанова Н.А.***

# ОБУЧЕНИЕ НА ОСНОВЕ КОМПЕТЕНЦИЙ

***N. Tynystanova***

# COMPETENCY-BASED TRAINING

*УДК: 823.82.0:371.3*

*Учурда билим берүү тармагында мектепте болобу же жогорку окуу жайында болобу замандын талабына ылайык өзгөчө маанилүү болуп турган «компетенция» түшүнүгү кайсы бир предметтин же окутулуп жаткан бардык предметтердин жалпы жана жекече максаттарын аныктоодо колдонулат. Мектептик билим берүүдө ушул «компетенция» термини менен катар «компетенттүүлүк» (иш билгилик) терммини да пайдаланылат. Көп маанилүү «компетенция» термининин сөздүктөрдө аныкталып берилген маанилеринин бири – бул адистин белгилүү бир тармак боюнча жакшы маалыматтуу болушу, билимдерге, көндүмдөргө тийиштүү тажрыйбаларга ээ экендиги. Азыркы заманбап методика илиминде компетенция – бул кайсы бир окуу предметти өздөштүрүүдөн келип чыккан билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жыйындысы. Ал эми азыркы шарттарда адамдарды көбүрөөк кызыктырганы – билим берүүгө карата компетенттүү мамиле. Окумуштуулардын пикиринде, билим берүүгө карата компетенттүү мамиле билим берүүчүлүк процессти ой элегинен өткөрүүнү бир бүтүнгө бириктирүүнү көңүлгө алат. Мунун жүрүшү менен окуучунун инсандык позицясынын, анын өзүнүн ишмердүүлүгүнүн окуу предметине карата мамилесинин түзүлүп калыптануусу ишке ашат. Макала мугалимдерге, магистранттарга жана окуучуларга усулдук жардам катары жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүү мамиле, билим, билгичтиктер, көндүм, педагогикалык ишмердүүлүк, деңгээл, мугалим.*

*В настоящее время понятие «компетентность», имеющее особенно важное значение в сфере образования, будь-то в школе или вузе, используется для определения общих и индивидуальных целей любого предмета или всех преподаваемых предметов. Наряду с этим термином «компетенция» в школьном образовании также используется термин «компетентность» (рабочие знания). Одно из значений многогранного термина «компетентность», определяемое в словарях, заключается в том, что специалист хорошо осведомлен в конкретной области, обладает соответствующими знаниями и навыками. В современной методологической науке компетентность – это совокупность знаний, умений и навыков, возникающих в результате овладения определенным учебным предметом. А что людей больше интересует в сегодняшних условиях, так это грамотный подход к образованию. По мнению ученых, грамотный подход к образованию учитывает интеграцию образовательного процесса в единое целое. В ходе этого формируется личностная позиция студента, его собственная активность и отношение к предмету изучения. Статья написана как методическое пособие для преподавателей, аспирантов и студентов.*

***Ключевые слова:*** *компетентция, компетентность, компетентное отношение, знания, умения, умения, педагогическая деятельность, уровень, педагог.*

*Currently, the concept of «competence,» which is especially important in the field of education, whether in school or university, is used to determine the general and individual goals of any subject or all subjects taught. Along with this term «competence», the term «competency» (working knowledge) is also used in school education. One of the meanings of the multifaceted term «competence», defined in dictionaries, is that a specialist is knowledgeable in a particular field and has the appropriate knowledge and skills. In modern methodological science, competence is a set of knowledge, abilities and skills that arise as a result of mastering a certain academic subject. And what people are more interested in today is a competent approach to education. According to scientists, a competent approach to education takes into account the integration of the educational process into a single whole. In the course of this, the student's personal position, his own activity and attitude towards the subject of study are formed. The article was written as a teaching aid for teachers, graduate students and students.*

***Key words:*** *competence, competency, competent attitude, knowledge, skills, abilities, pedagogical activity, level, teacher.*

Педагогикалык ишмердүүлүктө билим берүүнүн максаты системалуу милдетти аткарат. Анткени окутуунун алдына койгон максатынан окутуунун мазмуну, окутуунун методдору гана көз каранды болбостон тарбиялоо процесси да көз каранды болот. Себеби, окутуунун тигил же бул методуна токтолгонубузда кантип окутуш керек? - деген суроо жаралса, ал эми окуу планынын мазмунуна же окуу предметинин же сабактын мазмунуна токтолоордо бизде эмнени окутуш керек? деген суроо туулат. Педагогикалык максаттын негизги формуласы эмнеге үйрөтүш керек? же эмнеге окутуш керек? деген көйгөйлүү суроонун тегерегинде жүрүп, студент өзүнүн алдына койгон милдетти (кесиптик, турмуштук, предметтик, этикалык, эстетикалык) алган билимдеринин, көндүмдөрүнүн, ишенимдеринин негизинде кантип чечиш керек? - деген проблемалык көйгөйдү чечүүгө багытталышы зарыл.

Педагогикалык практикада алдыга койгон максат реалдуу сүрөттөлүп берилбейт. Ал окутуунун мазмунунан, тарбиялоо процессинен, окуучунун алган билиминен, жөндөмүнөн, ишениминен келип чыгышы керек.

Айрым учурда окуучунун тигил же бул билимдерди, көндүмдөрдү канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн билиш үчүн педагогикалык максат конкреттүү милдетти аткарган учурлары болот. Орус окумуштуусу В.П. Беспалько мындай педагогикалык максатты максаттуулуктун диагностикалык тапшырмасы деп атайт. Ал муну менен бирге билим берүүнү, көндүмдү баалоонун сапаттык ишенимин бөлүп көрсөтүп берген:

1) информацияны сиңирүү;

2) информацияны иштеп чыгуу;

3) репродуктивдүү ишмердүүлүк;

4) чыгармачылык ишмердүүлүк.

Окуунун максаты боюнча Б. Блум тарабынан иштелип чыккан эки критерий дүйнөлүк масштабда колдонулуп келет. Биринчи критерий өзүнө когнитивдик объект камтып алты категориядан туруш керек деген. Алар;

1. Билим (буга конкреттүү материалдар, терминдер, фактылар, аныктамалар, критерийлер ж.б.);

2. Түшүнүк (буга түшүндүрүү интерпретация, экстрипация);

3. Анализ (буга өз ара байланыш түзүмдүн принциптери);

4. Синтез (буга пландарды иштеп чыгуу);

5. Баа берүү (буга өзүндө болгон мүмкүнчүлүктөрдү талдоо, сырткы чөйрөдөн алынгандардын негизинде талдоо);

6. Колдонуу. Окумуштуунун экинчи критерийи өзүнө аффектилик чөйрөнү камтыган максаттуулуктун 5 категориясынан турат.

Жогоруда биз санап өткөн окумуштуулардын педагогикалык максаттуулукка берген аныктамаларынан айырмаланып өзгөчө жогорку билим берүүнүн максатын так аныктап, талдап берген Россиянын психология тармагы боюнча белгилүү окумуштуусу Н.Ф. Тальзинанын [7] эмгегинде берилген аныктаманы бөлүп көрсөтсөк болот. Мунун эмгегинин эң негизги айырмасы окутуунун максаттары кайсы гана деңгээлде болбосун булар өзүнчө бир бүтүндөй система экендигин б.а. окутуунун максаты, окутуунун мазмуну менен тыгыз байланышта караларын айткан. Ал жогорку билим алуунун максаттарын төмөнкүдөй деңгээлдерге бөлүп көрсөткөн:

**1. Биринчи деңгээл**, башкача айтканда, жогорку тепкич. Мында коюлган милдеттерди бардык адистер чече ала тургандай болуш керек, б.а. алардын конкреттүү бир багыттагы адис экендигине же конкреттүү бир өлкөдө жашагандыгынан көз каранды болбошу керек. Бул милдеттерге мисалы азыркы биздин турмушубузда көйгөйлүү маселелердин бири болгон экологиялык маселелер (ошол эле адамзат жаратылышка тийгизип жаткан терс жактарын мүмкүн болушунча азайтуу); жогорку окуу жайын бүткөндөн кийин да үзгүлтүксүз өз кесибинде эмгектенүү (кесибине байланыштуу информацияларга анализ жүргүзүп, сактоо, изденүүнүн эффективдүүлүгүн арттыруу); коллектив менен байланышкан маселелерди чечүү (мында адам факторунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өзү иштеген коллектив менен байланышта болуу); коллективдүү түрдө ишмердүүлүктүн ийгилигине жетишүү.

**2. Экинчи деңгээл.** Мында кайсы бир конкреттүү өлкөдө спецификалык милдеттерди чечүү. Мисалы: Биз жашап жаткан өлкөдө бардык нерсе базар экономикасы менен байланышкандыктан (буга тиешелүү экономикалык проект, маркетинг жүргүзүү, ишенимдүү экономикалык партнерлорду табуу, финансылык булактар, товарды рекламалоо) ушуга байланыштуу милдеттерди чечүү. Бул жердеги дагы бир көйгөй жараткан маселе улут аралык мамилени жөнгө салуу (мында улуттун салт-жөрөлгөсүн эске алуу менен улутчулук, шовинисттик маселени жеринде чечип, буга адекваттуу мамиле жасоо). Акырында заманбап адис – бул жерде өндүрүштүк, башкаруучулук, экономикалык маселелерди демократиянын, ачык-айкындуулуктун, религиялык чыдамдуулуктун шартында чече билген адис болушу зарыл.

**3. Үчүнчү деңгээл**. Бул жеке кесиптик милдетти аркалай билүү. Бул жерде адис кандай гана кесиптин ээси болбосун анын алдына койгон маселени чечүүдө үч типке бөлүнөрүн окумуштуу баса белгилеп кеткен. Алар:

1) Изденүүчүлүк (мында адам өзү тандап алган сферада изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жөндөмдүү болушу шарт);

2) Практикалык милдетти ишке ашыруу (мында Мисалы: завод куруу, китеп чыгаруу, оорулуу адамды даарылоо ж.б.);

3) Педагогикалык милдетти так аткаруу (мында окуу жайда өзүнө тагылган предметти окутуу же өндүрүштүк окуунун шартында жаштарды окутуу).

Азыркы убакта окутуунун диагностикалык максаты окутуунун жыйынтыгы болгон адистердин компетенттүүлүгүнө такалат. Эрежеге ылайык биз аларды үчкө бөлөбүз:

1. Жалпы маданияттуулук компетенциясы (экологиялык компетенция, өзүнүн билимин өстүрүүнүн компетенциясы, коммуникативдик компетенция);

2. Жалпы кесиптик компетенция (буга өзүнүн ишмердүүлүгүн пландоонун компетенциясы: когнитивдик компетенция, рефлексттик компетенция, граждандуулук компетенциясы);

3. Кесиптик компетенция. Мында компетенттүүлүктү калыптандырыш үчүн үйрөнүүчүдө билүү, өздөштүрүү жөндөмдүн болушу. Мында алган билимин (өзүнө тиешелүү ишмердүүлүктө изилдөө, практика жүзүндө, педагогикалык багытта) пайдалануу жана билүү жөндөм менен чектелбестен өзүн-өзү реализациялоону калыптандыруу. (Мында өзүнүн алган билимин колдонууга мүнкүнчүлүгү болгон чөйрөдө).

Илимде компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын башы XX кылымдын 60-жылдарына барып такалат. Компетенттүүлүк – латын тилинен которгондо «шайкештик, туура келүүчүлүк» деген маанини түшүндүрөт. «Компетенция» термини адегенде илимге 1960-1970-жылдарда америкалык лингвист-окумуштуу Делл Хаймс (1927-2009) тарабынан тилдерди окутууда илимий апараттарды тастыктоочу маани катарында кирип, андан кийин ал аны тил

үйрөнүүчүлөрдүн жөндөмдүүлүгүн баалай турган категория катары сунуштайт. Тереңдетип айтканда, адамдар жөндөмдүү болушу үчүн лингвист Делл Хаймс тилди теория жүзүндө гана билиш жетишсиз болорун далилдеп, кесиптик деңгээлге туура келе тургандай аны прикладдык табиятта өздөштүрүү туура келерин аныктайт да, кайсыл гана тармактагы кесиптин ээси болбосун үйрөнгөн тилин иш жүзүндө колдонуш үчүн бир топ категорияларга ээ болуусу зарыл экендигин көрсөтөт. 1970-1990-жылдарда мунун мазмуну андан ары тереңдетилип «компетенция» кайсыл гана жакта болбосун адисти кесиптик жактан аныктай турган категория катары эсептелип, ал эми ага негиздfestival делип окутуу кесиптик билим берүү тармагындагы негизги концепцияга айлана баштаган.

Жогоруда аталган жылдар аралыгында компетенция жана компетенттүүлүктү пайдалануу чөйрөсүнүн масштабы дагы да чоңоюп, ал жетекчиликте, чарбачылдык башкарууда, менеджмент-маркетинг иштеринде, жана башка да кесиптик иштерде адистердин кесипкөйлүгүн тастыктоочу категорияга айлана баштаган. 1984-жылы Англиянын борбору Лондон шаарында англиялык белгилүү психолог окумуштуу, профессор Джон Равендин «Компетенттүүлүк азыркы коомчулукта» аталышындагы эмгеги жарык көрөт да, мына ушундан тартып дүйнөлүк билим системасы, кесиптик билим берүүчү уюмдар, адистештирүү иштерине тиешеси бар кыскалыктагы жана узагыраак мөөнөттөгү окутуу курстары аталган негизги түшүнүктү өзүлөрүнүн билим берүүдөгү парадигмасы катары кабылдай башташат. Себеби, Дж. Равен өзүнүн аталган эмгегинде компетенттүүлүккө ар тараптуу кененирээк түшүнүктү берүү менен гана чектелбестен, коомдук-социалдык тараптан жөндөмдүүлүктүн бири-биринен көз карандысыздыкка ээ болгон анын 39 түрүн бөлүп көрсөткөн.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жогорку билим берүү системасы, дүйнөлүк билим берүүнүн алкагында колдонулган Болонья процессине өтүп, эки баскычтуу билим берүүдө. Мунун биринчи баскычы болгон бакалавр багытында компетенциялар – жалпы илимий компетенциялар, инструменталдык компетенциялар, кесиптик компетенциялар, социалдык-личносттук жана маданий компетенциялар деп жалпысынан төрт топко бөлүнүп берилет.

Жогорку билим берүүнү компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесинен мурда жалпы билим берүүчү орто мектептерде бул иш эмнеге негизделиш керек? Мына ушул суроонун тегерегинде кичине ой жүгүртө кетсек ашыкча болбос.

Азыркы мезгилде билим берүү тармагында компетенция түшүнүгүнө айрыкча басым жасалып турган учур. Орто мектепте ушул «компетенция» термини менен катар «компетенттүүлүк» термини катар колдонулуп келет.

Компетенция терминдик сөздүктөрдө көп маанилүүлүккө ээ, башкача айтканда, бул адистин өзү эмгектенген тармакта ошол тармакка тиешелүү маалыматтарды жакшы билиши, аталган тармак боюнча сапаттуу билимге, жөндөмдүүлүккө эгедер болушу. Азыркы учурдагы заманбап методика илиминде аталган предмет боюнча билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жыйындысы.

Ал эми компетенттүүлүккө көп багыттуу аныктама берсек болот. Мисалы: «Компетенттүүлүк – бул жеке адамдын кайсы бир ишмердүүлүктүн түрү боюнча жетишкендиктеринин деңгээли». Ошондой эле компетенттүүлүк – бул бир жагынан жетектөөчү органдын, кызмат адамынын ыйгарым укуктарынын аймагы, экинчи жагы бул же тигил тармакка тийиштүү билимдер, тажрыйбалар.

Белгилүү окумуштуу – методист А. Муратовдун берген аныктамасы боюнча: «Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору» [2. 61-б.]. Ал эми дагы бир педагогика жаатындагы белгилүү окумуштуу Б.Акматов: «Компетенттүүлүк – бул билим берүүнү жолго коюучу мазмундук жана формалык жаңылануу катары сунушталып жаткан жаңы багыт» деп өз аныктамасын берет [1, 71-б.]. Ал эми Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору, методист Б. Оторбаевдин белгилөөсүндө: «компетенттүүлүк – бул инсандын түзүлгөн компетенциянын негизинде кайсы бир ишмердүүлүктү аткарууга карата билгиликтүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү тийиштүү көндүмдөргө ээ экендиги» [4, 156-б.]. Андан ары аталган окумуштуу биз сөз кылып жаткан терминдин түзүмүн түзүп турган тутумдарга анализ жүргүзөт. Аларга берген аныктамаларын карап көрөлү:

Билимдер – бул ишти аткаруу үчүн талап кылынуучу фактылардын жыйындысы.

Көндүмдөр – бул белгилүү бир милдетти аткаруунун каражаттарына жана усулдарына ээлик кылуу.

Жөндөмдүүлүк – белгилүү бир милдетти аткарууга тубаса ийкемдүү болуу. Бул мааниси жагынан шыктуулук түшүнүгүнө жакындашат.

Өзүн алып жүрүүнүн бир калыптуулугу – милдеттерди аткаруу үчүн жүзөгө ашырылуучу иш-аракеттердин көзгө көрүнгөн формаларын билдирет.

Чымыркануу – бул менталдык жана денелик ресурстарды белгилүү бир багытка аң-сезимдүү түрдө жумшоо [4, 157-б.].

Демек, окумуштуунун пикири боюнча алганыбызда жогоруда аталган элементтер «компетенция» түшүнүгүнүн негизги тутумун түзүп турат, башкача айтканда, компетенция – бул билим, көндүм, мамиле. Компетенттүүлүк бул – билимдердин, көндүмдөрдүн, мамилелердин (баалуулуктардын) бири-бирине бай-

ланышкан жыйындысы. Ал төмөндөгүдөй аныктамаларга ээ:

1. Компетенттүүлүк – бул окутуп,үйрөтүү иштеринин үч багытын өзүнө алат: билим, көндүмдөр жана мамилелер.

2. Компетенттүүлүк – адамдын иш-аракеттери менен байланышкандыктан муну байкаганга, демонстрациялаганга жана ченегенге мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3. Компетенттүүлүктү башкага үйрөткөнгө болот.

Биз негизги компетенттүүлүктөрдү көп тармактуу билимдердин, көндүмдөрдүн жана мамилелердин биримдиги катары карашыбыз керек. Аларды үйрөнүү мүмкүн, анткени муну үйрөнүү өзүн өзү өстүрүүгө, коомдук турмушка активдүү катышканга ошону менен катар иш табууга кызыкдар болгон бардык тараптар үчүн зарыл. Окутуудагы компетенциялар милдеттүү түрдө мектептеги окутуу ишинин же башка бир билим берүү процессинин акырында калыптануусу зарыл, себеби алар адамдын өмүр бою, үзгүлтүксүз билим алуусунун базиси катары эсептелинет. Азыркы учурда балдар мектеп программасында өтүлүүчү предметтерден негизинен тил (кыргыз, орус, чет), математика, табигый илимдер, техникалык предметтер боюнча компетенттүүлүккө ээ болуулары абзел. Муну менен катар алар окуу иштеринде, келечек кесибин тандоодо, мындан тышкары жеке турмушунда жетишкендиктерди багындырышы үчүн, алган билимдерин чыныгы жашоодогу кыйынчылыктарды коркпой чечүүгө колдоно билүүсү шарт. Бул жерде көрсөтүлгөн негизги билимдердин маңызын түзүп турган предметтерден балдар төмөндөгүдөй көндүмдөргө ээ болушу зарыл:

Тилдик багытты алганыбызда мында ар бир бала өзүнүн оюн, сезимин сүйлөө кебинин эки тутуму болгон оозеки жана жазуу жүзүндө, социалдык жана маданий контексттерде аргументтештирип, эркин билдире алуу көндүмү. Өзүнүн эне сүтү менен берилген тилден тышкары бери дегенде эки-үч тилде ой жүгүртүп сүйлөй алуу көндүмү;

Так илимдер багытында (математикалык) ар бир бала окутуудагы жөнөкөйлөштүрүлгөн алуу, кошуу же болбосо көбөйтүү, бөлүүнүн эле жолдорун өздөштүрбөстөн, өз жашоосундагы кездешкен маселелерде математикалык контекстте прагматикалык ой жүгүртүү көндүмү;

Табигый илимдер багытында болсо ар бир бала өзүн курчап турган дүйнөнү, жаратлышты сүйүп, аларга илимий көз карашта мамиле жасап, экологияны көздүн карегиндей сактоого калыптануу көндүмү.

Мындан тышкары ар бир окуучу алынган билимди турмушунда тастыктай турган маалыматтык компетенттүүлүккө, алган билимдерин турмушунда пайдалануунун негизги принциптерин камтыган социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүккө, алган билимдерин өз алдынча өздөштүрүп, турмушунда андан ары өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүү компетенттүүлүгүнө ээ болушу керек.

Мына ошентип ар башка тармакта компетенттүүлүктү калыптандырууда адам өзүнүн жөндөмдүүлүгүн иш жүзүндө колдонууда жөнөкөйдөн татаалга, же төмөндөн жогоруну көздөй жүрүп отурушу зарыл. Мындай болбосо илимий термин менен айтканда ишмердүүлүк өзүнүн мазмунун жоготууга алып келет.

**Адабияттар:**


1. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теорисы жана практикасы: Монограф. - Б.: «Фаст принт», 2016. – 456-б.
2. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Б.: Турар, 2013. – 554-б.
3. Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. – Б., 2013. – 96-б.
4. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Б.: Айат, 2020. – 560-б.
5. Пранцова Г.В., Романичева Е.С. Методика обучения литературе: практикум. – М.: Флинта-Наука, 2012. – 208 с.
6. Сосновская И.В. Методика преподавания литературы в современной школе: монография. – Иркутск: Изд-во ВСГАО, 2016. – 307 с.
7. Тальзина Н.Ф. Педагогическая психология: Учеб.пособие. – М.: Издательский центр «Академия», 1998. – 288 с.
8. Технология и методики обучения литературе. Учебное пособие для бакалавров. Под редакцией В.А. Кохановой. – М.: Флинта-Наука, 2011. – 248 с.